# ЖАКШЫНАМ

1. Жактырбай сизден башканы,
Мен болдум сизге ашыккан.
Капарга илбей жашыңыз,
Тартылам, эже, тартылам.

Издеген көптөн сапаттар,
Байкатпай сизден табылды.
Тымызын тиктеп жүрөккө,
Салдыңыз эже, жалынды.

2. Мас болуп турам сүйүүгө,
Жообу жок өзүң тараптан.
Сүйүп бир жашайм үмүттө,
Жаксам да, мейли жакпасам.

Кол сунсам сизге түбөлүк,
Эмне дээр элең, жакшынам?
Сөз менен айтып бүтө алгыс,
Жактырам сизди, жактырам!

3. Күнөө жок менин сүйүүмдө,
Ашыктык отун жандырган.
Жараткан менден сизди эрте,
Күнөөнү коём тагдырга.